# ЗОМБУЛУККА КАБЫЛГАН АЯЛДАР ЖАНА КЫЗДАР ҮЧҮН КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨРДҮ СУНУШ КЫЛУУДАГЫ ЖЕТЕКТӨӨЧҮ ПРИНЦИПТЕР ЖАНА СТАНДАРТТАР

**Жетектөөчү принциптер бардык аялдарга жана кыздарга жеке жагдайларынан, жашоо тажрыйбасынан, жаш курагынан, гендердик идентүүлүгүнөн, никелик макамынан, маданиятынан, этникалык тиешелүүлүгүнөн, тилинен жана башка мүнөздөмөлөрүнөн көз карандысыз түрдө колдонулат.**


## 1 УКУК КОРГООЧУЛУК ЫКМА

Мамлекет өзүнүн бардык органдары аркылуу аялдардын жана кыздардын укуктарын сыйлоого, коргоого жана сактоого милдеттүү. Аялдарга жана кыздарга карата зомбулук мамлекет тарабынан адамдын укуктарын, анын ичинде ден соолукка ээ болуу, зомбулуксуз жана басмырлоосуз жашоого карата укуктарын фундаменталдык жактан бузуу катары таанылат.

Аялдарга жана кыздарга урмат-сый, кадыр-баркын сыйлоо жана кылдат, аярлык менен мамиле кылуу керек. Кызмат көрсөтүүлөрдүн колдо бар, максималдуу түрдө жеткиликтүү стандарттарына умтулууга чакырат.




## 2 ГЕНДЕРДИК ТЕҢ УКУКТУУЛУКТУ ИЛГЕРИЛЕТҮҮ ЖАНА АЯЛДАРДЫН УКУКТАРЫН ЖАНА МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮН ЖАЙЫЛТУУ




Зомбулуктун түпкү себеби, ичкилик, жумушсуздук же жаман мүнөз эмес, а жашоонун бардык чөйрөлөрүндө аялдар менен эркектердин ортосундагы тең укуксуздуктун тарыхый жактан бекемделип калышы болуп саналат. Ошондуктан, аялдарга жана кыздарга карата зомбулук көйгөйүн чечүү гендердик тең укуктуулукка жетишүүдөн көз каранды болуп эсептелет. Кызмат көрсөтүүлөр аялдарга жана кыздарга жасалган зомбулукка чыдамкай мамиле кылууну же анын тамырын жайылтууну жоюуга чакырат. Аялдардын жана кыздардын жашоолорунун бардык чөйрөлөрүндө өздөрүнүн жеке чечимдерин кабыл ала билүүлөрү аркылуу эрктүү болууларын жана тандоо эркиндигин жайылтуу зарыл.

## 3 БАСМЫРЛООГО ЖОЛ БЕРБӨӨ ЖАНА МАДАНИЙ, ЖАШ КУРАКТЫК ЖАНА БАШКА ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРДҮ ЭСКЕ АЛУУ

Ар бир жабыр тарткан адамга анын жынысынан, расасынан, этникалык келип чыгуусунан, жашоо образынан же зомбулук жагдайынан көз карандысыз түрдө кадыр-баркын сыйлоо менен татыктуу мамиле кылууну камсыз кылуу маанилүү. Кызматтарды көрсөтүүдө бардык жабыр тарткан адамдарга, анын ичинде аялдарга жана жашы жетелек өспүрүмдөргө, ошондой эле маргиналдашкан топтордун өкүлдөрүнө бирдей мамиле кылуу зарыл жана аларды басмырлабоо керек.





## 4 КООПСУЗДУК

Аялдардын жана кыздардын коопсуздугу андан нары зыян келтирүүгө жол бербөө үчүн биринчи деңгээлдеги мааниге ээ. Коопсуздукту камсыз кылуу жабыр тарткан адамды болжолдуу айыпкерден дароо бөлүүнү жана анын коопсуздугуна баа берүүнү, ал эми зарылчылык пайда болгон учурда коопсуз жайга жайгаштырууну камтыйт.

## 5 КОНФИДЕНЦИАЛДУУЛУК

Конфиденциалдуулукту сактоо – жабыр тарткан аялдардын жана кыздардын коопсуздуктарын камсыз кылуу үчүн, андан нары коркунучтун жана/же зомбулуктун болуусун токтотуу үчүн, ошондой эле жабыр тарткан адамдын өздүгү тууралуу маалыматтын ачыкка чыгуусуна жол бербөө үчүн маанилүү чара болуп саналат. Конфиденциалдуулук кызмат көрсөтүүнүн бардык этабында сакталуусу керек (суракка алууда үчүнчү тараптын катышпоосу, жашаган жана токтогон дареги тууралуу маалыматтын жеткиликтүүлүгүн чектелиши ж.б.).



## 6 МААЛЫМАТТУУЛУК




Стандарттар кызмат көрсөткөн адистер жабыр тарткан адамдарга укук коргоо органдарында жана сот органдары аларды коргоо чаралары тууралуу, социалдык, медициналык, юридикалык кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануу тууралуу маалымат берүүлөрүнө көңүл бурат. Сексуалдык зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга байланышуудан кийинки алгачкы 72 сааттын ичинде саламаттыкты сактоо уюмдарында акысыз түрдө жүргүзүлүүчү жыныстык жол менен жугуучу инфекциялардын, ВИЧ-инфекциясынын жана күтүүсүз кош бойлуулуктун алдын алуу тууралуу милдеттүү түрдө маалымат берүү зарыл. Жабыр тарткан адамга ошондой эле, психологиялык, юридикалык жардам алуу үчүн жана убактылуу жашоо кызмат көрсөтүүсүнөн пайдалануу үчүн кризистик борборлорго кайрылуу мүмкүнчүлүгү тууралуу маалымат берилүүсү зарыл.

## 7 ЗОМБУЛУКТАН ЖАБЫР ТАРТКАН АДАМДЫН МУКТАЖДЫКТАРЫНЫН АРТЫКЧЫЛЫКТУУЛУГУ

Кызмат көрсөтүүлөрдү сунуш кылууда аялдардын жана кыздардын укуктары, муктаждыктары жана каалоолору көңүлдүн борборунда болот. Стандарт жабыр тарткан адамдын муктаждыктарын эске алуунун жана баалоо жүргүзүүнүн маанилүүлүгүн баса белгилейт. Бул анын каалоолоруна баалоо жүргүзүүнү, жабыр тарткан адамдын укуктарын сактоону жана кадыр-баркын сыйлоону камтыйт. Муктаждыктарынын негизинде кызматтарды көрсөтүү – жабыр тарткан адамга келтирилген зыяндын минимизацияланышына таасирин тийгизген жагымдуу шарттарды түзүүгө багытталган ыкманы колдонуу менен мамиле кылууга жана бул аркылуу аны кайрадан калыбына келтирүүгө багытталган эң мыкты ыкма болуп эсептелет.



## 8 АҢ СЕЗИМДҮҮ ТАНДОО




Ар бир аракет кийинкилерден соң гана ишке ашырылуусу зарыл: (1) жабыр тарткан адамга анын зарылдыгы тууралуу маалымат берүү (2) андан аң сезимдүү макулдук алгандан кийин гана ал ишке ашырылат. Жабыр тарткан жашы жетелек өспүрүмдөр жана кыймыл-аракети чектелген деп таанылгандар үчүн аң-сезимдүү тандоо принциби алардын мыйзамдуу өкүлдөрү – ата-энелери, камкорчулары, көзөмөлчүлөрү тарабынан ишке ашырылат. Эгерде зомбулук мыйзамдуу өкүлү тарабынан жасалган болсо, мисалы, балдарга ата-энелери тарабынан жасалса, анда мыйзамдуу өкүлү болуп балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу орган дайындалат.

## 9 ЗОМБУЛУК ЖАСАГАН АДАМДЫ ЖООПКЕРЧИЛИККЕ ТАРТУУ

Айыпкерлерди жоопкерчиликкке натыйжалуу түрдө тартуу үчүн чаралар караштырылат жана укуктук чарлардын адилеттүүлүгү кепилдикке алынат. Кызмат көрсөтүүлөр жабыр тарткан адамдын сот адилеттигине жеткирүү процессине катышуусун колдоого алуулары жана жеңилдетүүлөрү зарыл, анын аракет кылуу же өз эркин билдирүү жана тандоо эркиндигин колдонуу жөндөмдүүлүктөрүн колдоого алып, андан нары өсүүсүнө шарт түзүүлөрү зарыл. Муну менен катар эле, адилеттикти камсыз кылуу түйшүгү аялдын эмес, мамлекеттин мойнунда болуусу керек. Зомбулук жасаган адамга карата сөзсүз түрдө жазага тартуу принциби иштөөсү керек.



Инициатива «Луч света»

ДПИБ Демократиялык процесстерди изилдөө борбору